**Жыйынтыктоо**

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектеби Билим берүүнүн стандартын аткаруу максатында бардык иш аракеттерин көрүп келет. Негизги максаттарды жана милдеттерди аткарууда төмөнкүдөй жетишкендиктер бар десек болот:

1. Контингенттин сакталышы, мектептин, мугалимдердин ийгилиги менен окуучуларды мектепке тарта алды. Билим алууга тартылбай калган окуучу жок. Инклюзивдүү 1 окуучу мектеп окуучулары менен биргеликте билим алып келишет, балдардын төрөлүшү, мектепке тартуу иштери алгылыктуу:

| класстар | 2019\2020 | 2020\2021 | 2021\2022 |
|---|---|---|---|
| 1-4-класс | 48 | 44 | 46 |
| 5-9-класс | 47 | 47 | 49 |
| 10-11-класс | 17 | 17 | 15 |
| 1-11 класс | 112 | 108 | 110 |
| Даярдоо | 6 | 13 | 16 |
| бардыгы | 118 | 121 | 126 |

2. Үйдөн жеке окутулуучу мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар менен иш алып баруу да колго алынган. Ар кандай диагнозу менен үйдөгү балдарга да билим берүү мектептин негизги милдети:

| № | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы |
|---|---|---|---|
| 1 | 1 | - | 1 |

Мектепке жаны кабыл алынган, келип кеткен окуучулардын документтери боюнча иштер оз убагында талапка ылайык иш алып барылып келе жатат. Окуучулардын келип-кетүү кыймылы боюнча убагында алфавит китебине өзгөртүү киргизилип, класстык журналдар, окуучулардын өздүк делолору текшерилип турат.

3. Кыргыз республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин 2020-жылдын 28-декабрындагы №1027 "Жалпы билим берүү мектептеринин мугалимдери тарабынан жүргүзүүгө (толтурууга) милдеттүү болгон документтердин тизмесин бекитүү жөнүндө" буйругун жетекчиликке алып мектеп жамааты иш-кагаздарын жүргүзүп келет. Бул буйрук мугалимдердин бир кыйла жумушун женилдетти жана иш-кагаздарын жүргузүүдө тактыкка, бирдей талап коюуга мүмкүнчүлүктү мектеп администрациясына берди.
4. Окуучулардын билим сапатынын котөрүлүшү, сынактардан жетишкен ийгиликтери, ар кандай конкурстарга активдүү катышуусу мектеп окуучуларын шыктандырды.
5. Мектептин жетекчилиги окуучулардын жетишкен ийгиликтери үчүн предметтик мугалимдерин грамота, акчалай сыйлыктарды берүү менен шыктандырып келет. 2020, 2021-окуу жылында райондук турда 1-орунду алган окуучунун мугалимине 1500 сом, 2-орунга 1000 сомдон сыйлыктарды берсе, областтык турда женген мугалимге грамота берилген. Ушул эле мугалимдер ББж\аИМ "Ардак Грамотасына" жана облустук усулдук билим берүүнүн Ардак грамотасына ээ болушкан. Мындан сырткары, мектеп жамаатынын ишмердүүлүгүндө эксперттик топ көрсөтүлгөн документтерге жана өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгына анализ жүргүзүп келет.

Мектептин күчтүү жагы болуп алдыга койгон максатынын, миссиясынын тактыгы, чыгармачыл изденүү менен эмгектенген көп жылдык эмгек стажысы бар мугалимдердин бардыгы эсептелинет. Башкаруунун эффективдүүлүгүнүн жана талапка ылайык билим сапатын камсыздоо саясатынын күчтүү жагы катары кесипкөй, бир нече жылдык эмгек тажрыйбасы бар, өз кесибин сүйгөн жана чыгармачылык менен иштеген, Билим берүүнүн Мамлекеттик стандартын ишке ашырууга толук кызыкдар болгон мугалимдер жамаатынын тажрыйбалуу, бир катар жылдар катары менен предметтик олимпиадалардан чыгып келген мугалимдер бар.Мугалимдердин кесиптик квалификациясын, кесипкөйлүгүн жогорулатуу багытында системалуу түрдө мугалимдердин квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу курстарынан өтүп турат, бул көрсөткүч жылдан-жылга жогорулап жаткандыгы да аныкталды.Билим берүү сапатынын талапка ылайык-компетенттүү болуусу, жалпы эле окутуу-тарбиялоо процессинин ийгиликтүү ишке ашырылышы үчүн мектеп жамааты иш алып барып жаткан ар кыл проект, программалар да жакшы жыйынтык берип жаткандыгы байкалат. Мектептин базасында мектеп мугалимдери жана жетекчилери үчүн семинарлар, тренигдер байма-бай өтүп турат. Предметтик олимпиада боюнча мектеп окуучулары Республикалык, облустук деңгээлде катышып жатышат.. Предметтик олимпиадалар менен катар ЖРТга даярдык көрүү да актуалдуу маселе катары калат. Бул багытта жергиликтүү ЖРТга даярдык кылуучу жеке тараптар, ата-энелер менен биргелешкен аракеттердин натыйжасында ЖРТ боюнча орточо баллдык көрсөткүч бир кыйла жогорулагандыгы байкалды. Бүтүрүүчүлөрдүн 90-92% ЖОЖдордо, анын ичинен 30% бюджеттик бөлүмдөрдө билим алып жаткандыгы статистикалык маалыматтардын негизинде аныкталды.

Коомчулук, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен мектеп жамааты биргелешип иш алып баруу системалуу.

Мектеп жамааты келечек ээлерин Мамлекеттик стандарттын негизинде компетенттүү билим жана тарбия берүүнү ийгиликтүү ишке ашыруунун үстүндө эмгектенип жатат. Ар бир жарым жылдыкта ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, окуу жылынын аягында жыйынтык чыгарылат. Акыркы 3 жыл ичинде мектеп ишмердүүлүгү ата-энелер тарабынан "жакшы" деп бааланууда.

6. Мугалимдер жамааты жаш кадрлар менен толукталып турат. Бул мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип, усулдук жардам берилет. Жыл сайын жаш мугалимдер мектепке тартылып, жаныча иш-алып баруулар күчүнө кирип келет. 2022-жылы мектепке 1 жаш мугалим кабыл алынган.
7. Мектепте окуу-тарбия иштери туура жолго салынып, ата-эне менен тыгыз иш алып барылат. Окуучулар арасында ар кандай класстан тышкаркы иштер, маданий иш-чаралар уюштурулуп турат. Класс жетекчилер жогорку класстын окуучулары менен тегерек столдорду, диспут, КВН, презентацияларды планга ылайык өткөрүп турушат. Мектепте спорт жагынан ар кандай ийримдер иш алып барышат. Окуучулардын физикалык өсүүсүнө чон салым кошуу максатында азыркы күндо 1 футбол аянтчасын бүтүрүү максатында турат.
8. Мектеп "Сергек жашоо", "Жашоого кошул" социалдык проектиси менен иш жүргүзүшөт. Класстан тышкаркы иштерди уюштуруу оң жолго салынган. Тарбия процесси мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясын негизге алуу менен 7 багытта ийгиликтүү иш алып барат. Мектеп парламенти өз планынын негизинде мектеп турмушунда салтка айланып калган иш чараларды өткөрүп

турат.Окуучулар командалары тарбиялык багыттагы ,"Жол кыймылынын жаш тескөөчүлөрү", "Манас таануу" эстетикалык сынактардын, театр фестивалы,спорттук мелдештердин райондук денгээлдеринде активдүү катышуучуну камсыздап, аракет кылып келишет.

9. Педагогикалык жамаат өз чеберчилигин өркүндөтүү үчүн Бишкек, Нарын шаарларындагы курстардан байма-бай өтүп келишет. Акыркы 5 жыл ичинде курстан өтө элек мугалим жокко эсе. Маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүк боюнча бардык мугалимдер курстан өтүшкөн. Пандемия убагында онлайн сабактарды үзгүлтүксүз берип, окуучулардын билим алуусуна бардык аракеттерди көрүштү.

| **акыркы беш жыл ичинде курстан өткөн мугалимдер** | **19** |
|---|---|
| 2019 | - |
| 2020 | 7 |
| 2021 | 7 |
| 2022 | 5 |

10. Мугалимдер жамаатынын ийгиликтүү иш алып баруусу жакшы.. ББж\аИМ тарабынан интернет байланышы үзгүлтүксүз Wi-Fi иштейт. Бирок мектептин материалдык-техникалык базасы толук эмес,кемчиликтер бар: компьютердик класс, интерактивдүү доскалар, проектор, принтерлер бар,бирок жетишсиз.
11. Окуучулар жана мугалимдер үчүн ашканада таза суу орнотулган,тышкы ажатканалар иштейт. Жылуулук системасы электр энергиясы менен берилет. Спорт зал жок болгондугуна байланыштуу спорттук иш чаралардан жыйынтык аксап келет жана кыйынчылыктар кышкысын көп байкалат.

**Келээрки жылга аткарыла турган иштер:**

1. Жалпы Республикалык Тестке окуучуларды эффективдүү даярдоо, билимин жогорулатуу "Алтын сертификат" ээлерин чыгаруу. Кызыкдар тараптардын суроо-талабына ылайык билимдүү, тарбиялуу балдарды өстүрүү.
2. 3 этап менен бекитилген стратегиялык иш-планды ишке ашырууга бардык аракеттерди көрүү.
3. 2022-2023-окуу жылында "Дем берүүчү"грандка долбоор жазып,мектептеги класстык бөлмөлөрдү мультимедиалык каражаттар менен камсыз кылуу, класстык бөлмөлөрдү мебелдер менен жабдуу профилдик курстарды окутууну өнүктүрүү. мектепте автордук программалар менен иш алып баруу, ата-энелердин өтүнүчү менен англис, орус тилдерди окутууга көп көңүл буруу, областтык,республикалык олимпиадаларда призерлорду,"Алтын тамга" талапкерлерин чыгаруу.
4. Мектеп бүтүрүүчүлөрүнөн "Алтын тамга", "Артыкчылык күбөлүк" ээлерин даярдоо, санын көбөйтүү.
5. Мектеп "Акылдуу Мектеп-Келечектин мектеби" долбооруна кирген, алдыда лабораториялык кабинеттерди жабдуу боюнча иш-пландар боюнча ББж-аИМ тарабынан каттар келген, алар боюнча иштер алып барылууда, долбоорду ишке

ашыруу да негизги максаттардын бири.

6. Мугалимдердин жаны технологиялар менен иштөөсүнө техника-каражаттар менен камсыз кылуу иштерин аткаруу. "Акылдуу Мектеп –Келечектин мектеби" долбоорун ишке ашыруу.

Институционалдык аккредитациялоодо өзүн-өзү баалоо жүргүзүү боюнча комиссия:

| | |
|---|---|
| Комиссиянын төрагасы: | А.Дөөлөтбеков |
| Комиссиянын мүчөлөрү: | Ч.Токолова |
| | С.Конурбай уулу |
| | К.Шыгаев |
| | С.Тасмабаева |
| | А.Абдыракманова |
| | А.Секиев |
| | А.Агыбаева |
| | А.Жунусов |
| | М.Рыспаева |